# «ФИНКА Банк» ЖАКта интернет-эквайринг боюнча кызмат көрсөтүү эрежелери

## 1. Негизги түшүнүктөр жана шарттуу белгилер

**Авторизация** – Операцияларды жүргүзүү үчүн Банк-Эмитент тарабынан берилген жана Картаны колдонуу менен түзүлгөн документтерди аткаруу боюнча аны милдеттендирген уруксат.

**Авторизациялык бет** – Банк тарабынан сунушталган кызмат, ал Картанын ээси тарабынан Картанын Реквизиттерин киргизүү аркылуу операцияларды жүргүзүүгө арналган, ага Интернет тармагында Картаны колдонуу менен товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөө максатында Соода-тейлөө ишканаларынын web-ресурстары аркылуу кирүүгө болот.

**Авторизациялык борбор (Банктар аралык процессинг борбору, БПБ, Процессинг борбору, ПБ)** – «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАКтын компьютердик-телекоммуникациялык борбору, ал авторизацияны ишке ашыруу максатында Төлөм системаларына жана Банк-эмитенттерге кирүү мүмкүндүгүн камсыз кылат.

**Автоматташтырылган Төлөм Терминалы (АТТ)** – терминалдын бир түрү, ал накталай түрдө же банктык карталар [же башка ушул сыяктуу карталар] аркылуу же башка төлөм инструменттери аркылуу ар кандай төлөмдөрдү автоматтык түрдө кабыл алууга арналган атайын аппараттык-программалык комплекс.

**Автоматташтырылган банк системасы – ОНЛАЙН-БАНК – (АБС – ОБ);**

**БАНК** – «ФИНКА Банк» ЖАК, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын №051 уруксаттамасы.

**Банк-эквайер (Эквайер)** – Соода-тейлөө ишканаларына (СТИ) банк эсептерин ачуучу жана ал эсептерди тейлөөчү коммерциялык банк, анын атынан СТИден сатылып алынган товарлар/кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү пластикалык карталардан чыгаруу боюнча операциялар жүргүзүлөт.

**Банк-эмитент (эмитент)** – төлөм карталарын чыгаруу жана аларды тейлөө боюнча иш жүргүзүүчү жана Карта ээлери менен карталарды колдонуп операцияларды жүргүзүү жөнүндө келишимдерди түзүүчү коммерциялык банк.

**Кайтарым төлөм (англ. chargeback)** — Банк-эмитент тарабынан транзакцияга протест билдирүү процедурасы (төлөөчүнүн укуктарын коргоо максатында), мында төлөмдүн суммасы акцептсиз тартипте алуучудан (Банк-эквайерден) алынып, төлөөчүгө кайтарылат, андан соң тийиштүү Төлөм системасынын эл аралык эрежелерине ылайык, транзакциянын чындыгын далилдөө милдети алуучуга жүктөлөт.

**Зыяндуу код** – автоматташтырылган системаларга, программалык камсыздоолорго, эсептөө техникаларынын каражаттарына, кредиттик уюмдун жана анын кардарларынын телекоммуникациялык жабдууларына киргизүүгө арналган компьютердик программа, ал программа маалыматтарды жок кылууга, түзүүгө, көчүрүүгө, блоктоого, модификациялоого жана/же берүүгө алып келет, ошондой эле мындай аракеттерге шарт түзөт.

**Тастыктоо алынган күн** – Тастыктоо жүргүзүлгөн күндөн кийинки жумуш күн **.**

**Карта ээси** – Кардардын жана Банк-эмитенттин ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык чыгарылган Картаны колдонуучу жеке жак.

**Келишим** – Банктын жана СТИнин ортосунда интернет-эквайринг боюнча кызмат көрсөтүүгө карата түзүлгөн келишим.

**Интернет** – бириктирилген компьютердик тармактардын бүткүл дүйнөлүк системасы.

**Интернет-ресурс** – Интернет тармагында СТИнин келишимге ылайык катталган web-ресурсу (анын ичинде уюлдук телефондор үчүн тиркемелери), анын жардамы менен СТИ товарларды аралыктан сатып, аралыктан кызмат көрсөтө алат жана/же Карта ээлери товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн акыны операция жүргүзүү менен төлөй алышат. Интернет-ресурстардын тизмесин Тараптар келишим түзүүдө макулдашып алышат. Тараптар макулдашкан Интернет-ресурстардын тизмеси Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Келишимди колдонуу мөөнөтүндө Тараптар Интернет-ресурстардын жаңы тизмесин тариздөө жолу менен Интернет-ресурстардын тизмесин өзгөртө алышат.

**Коопсуздук инциденти** – Интернет-ресурска санкциясыз кирүү (анын ичинде колдонуучулардын маалыматтарын, тастыктамаларын (сертификат) жана шифрлөө ачкычтарын ачыкка чыгаруу).

**Байланыш каналы** – Банк менен СТИнин ортосунда Карталарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча маалымат алмашуу үчүн техникалык каражаттардын системасы.

**Банктык төлөм картасы** – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Кардар менен Картанын Банк-эмитентинин ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык, сатып алып жаткан товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн акыны Картанын Банк-эмитентинде ачылган Кардардын эсебиндеги акча каражаттардын эсебинен накталай эмес төлөө максатында акча каражаттарды СТИге которуу үчүн, ошондой эле төлөөгө карата эсептик документтерди түзүү үчүн (алар колдонулган шартта) Картанын ээси тарабынан колдонулган жана төлөм жүргүзүүнүн электрондук каражаты болуп саналган төлөм картасы. Ушул Эрежелердин алкагында Карта дегенде Картанын реквизиттерин да түшүнүүгө болот.

**Кардар** – Банк-эмитент менен Карта чыгаруу жөнүндө келишим түзгөн жеке жак/жеке ишкер/юридикалык жак.

**Ырастоо коду** – Авторизациянын натыйжасында алынган, тамга-сандан турган код.

**Лимит** – Картаны колдонуу менен жүргүзүлүүчү операциялардын суммасын жана/же санын чектөө же Картаны колдонуу менен операцияларды жүргүзүүгө Банк тарабынан коюлган башка чектөөлөр.

**Жүгүртүү** – операциялардын суммасы, кайтарым төлөмдөрдү эсепке албаганда.

**Операция** – Карта ээси тарабынан Авторизациялык бетте Картанын реквизиттерин киргизип, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн накталай эмес акы төлөө боюнча жүргүзүлгөн иш-аракеттер.

**СТИ** – Банк менен келишим түзгөн юридикалык жак, жеке ишкер.

**Төлөм системасы** – белгилүү типтеги Карталарды чыгаруу жана тейлөө, ошондой эле Карталарды колдонуу менен жүргүзүлгөн Операциялар боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүү максатында Төлөм системасынын эрежелери боюнча өз ара аракеттенген уюмдардын тобу.

**Токенизация (карталарды туташтыруу кызматы)**[1] – бул маалыматтарды шифрлөө системасынын жардамы менен электрондук төлөмдөрдү коопсуз кылууга, Карта/эсеп боюнча маалыматтарды

ачыкка чыгарбастан, төлөмдөрдү жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү технология. Карта жөнүндө маалымат (картанын номери/cvv-код ж.б.) уникалдуу санарип идентификаторлор - токендер менен алмаштырылат. Токендер Картанын маалыматтарын шифрленген түрдө өткөрүү менен жеке маалыматтарды жана финансылык операцияларды коргойт.

**“Банктын виртуалдык жабдуулары аркылуу карталарды толуктоо”** – банктын виртуалдык жабдуулары аркылуу карталарды толуктоого мүмкүнчүлүк берүүчү Банк кызматы.

**Эрежелер** – «ФИНКА Банк» ЖАКта интернет-эквайринг боюнча кызмат көрсөтүүнүн бул Эрежелери.

**Төлөм системалардын эрежелери** – Төлөм системаларынын эрежелери, стандарттары жана сунуштары.

**Кепилдик төлөм** – ушул Келишим же анын тиркемеси менен аныкталган, кириш жана чыгыш төлөмдөрдүн айырмасына жараша калдыгын жөнгө салуу шартында СТИ тарабынан Банктын эсептешүү эсебине которулган төлөмдөр боюнча эсептешүүлөр үчүн акча каражаттар. Банк менен СТИнин ортосундагы макулдашуу боюнча, Банк Келишимдин мөөнөтү аяктаганга чейин Тараптар макулдашкан лимиттин чегинде эсепке блок коюушу мүмкүн. Төлөнгөн төлөмдөргө жараша кепилдик төлөмүнүн суммасын өзгөртүү укугу Банкка берилет. Лимиттин суммасы бул ишмердүүлүккө мүнөздүү бардык тобокелдиктерди эске алуу менен пайыз менен аныкталган ченем түрүндө белгиленет.

**Программалык Камсыздоо (ПК)** – бул Автоматташтырылган төлөм терминалынын жана жалпысынан, төлөмдөрдү кабыл алуу жана иштеп чыгуу системасынын туура иштешин камсыз кылууга арналган маалыматтардын жана командалардын объективдүү жыйындысы, ошондой эле тиешелүү программалык өнүмдөр жана техникалык платформалар.

**Картанын реквизиттери** – Картанын анда көрсөтүлгөн номери, колдонуу мөөнөтү, Карта ээсинин аты-жөнү, CVV2/CVC2/ППК2 коопсуздук коду;

**OTP сервери** – карта ээсин идентификациялоо үчүн бир жолку паролду түзүүчү сервер.

**Операцияларды жүргүзүү үчүн сервис** – бул Интернет аркылуу товарларды жана кызматтарды сатууну ишке ашырган Сатуучунун интернет-сайты, мобилдик тиркемеси, веб-ресурсу, соода аянтчасы; ал колдонуучуларга товарды/кызматты сатып алуу үчүн буйрутманы (заказ) түзүүгө, Интернет тармагында төлөм жүргүзүү жана жеткирүү жолун тандоого мүмкүнчүлүк берет.

**Төлөмдөрдү кабыл алуу жана иштеп чыгуу системасы, Система** – айрым адамдардын башка адамдар алдындагы акчалай милдеттенмелерин аткаруу (токтотуу) максатында төлөмдөрдү кабыл алууга, төлөмдөр жөнүндө маалыматты иштеп чыгууга жана берүүгө байланышкан ишмердүүлүктү уюштуруу жана жүргүзүү процессинде келип чыгуучу мамилелердин (укуктук, техникалык, маалыматтык) комплекси, анын (Системанын) ишин координациялоо жана камсыздоо жалпысынан СТИ тарабынан камсыз кылынат.

______________________________

[1] Интернет тармагына ачык кирүү мүмкүнчүлүгү бар карталар гана кызматка туташтырылат. Карта боюнча интернет тармагына кирүү мүмкүнчүлүгүн алуу үчүн Кардар банктын бөлүмүнө барып, тиешелүү арыз жазышы керек.

**Тараптар** – Банк жана СТИ;

**Товар** – СТИнин Интернет-ресурс аркылуу саткан товарлары, кызмат көрсөтүүлөрү, иштери.

**"Интернет-Эквайринг" кызматы (мындан ары – кызмат)** - тараптардын ортосунда Интернет аркылуу картаны колдонуу менен товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү төлөөгө, анын ичинде Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иштерди аткарууга багытталган биргелешкен жана өз ара макулдашылган иш-чаралар.

## 2. БАНКТЫН укуктары жана милдеттери

**2.1. Банк милдеттүү:**

2.1.1. Авторизациялык борборду технологиялык тейлөөгө, авариялык жагдайларды жоюуга, ошондой эле иштин Банктын күнөөсү жок токтоп калышына байланыштуу ар кандай үзгүлтүккө учуроолордон башка учурларда Авторизациялык бетке СТИнин кирүү мүмкүндүгүн үзгүлтүксүз камсыз кылууга.

2.1.2. Келишимди колдонуу мөөнөтүндө Авторизациялык борборду технологиялык тейлөөгө, авариялык жагдайларды жоюуга, ошондой эле иштин Банктын күнөөсү жок токтоп калышына байланыштуу ар кандай үзгүлтүккө учуроолордон башка учурларда Авторизациялык беттин үзгүлтүксүз иштөөсүн өз эсебинен камсыз кылууга.

2.1.3. Авторизациялык борборду технологиялык тейлөөгө, авариялык жагдайларды жоюуга, ошондой эле иштин Банктын күнөөсү жок токтоп калышына байланыштуу ар кандай үзгүлтүккө учуроолордон башка учурларда операцияларды күнү-түнү авторизациялоону камсыз кылууга.

2.1.4. СТИнин тиешелүү түрдөгү сурамын алган учурда СТИнин Келишимде көрсөтүлгөн электрондук дарегине мурунку күн/жума/ай ичинде Картаны колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялар жөнүндө толук маалымат жөнөтүүгө. Бул учурда СТИ анын электрондук дарегине жөнөтүлгөн маалыматтарга үчүнчү жактар тарабынан санкциясыз кирүү тобокелин өзү тартат. СТИнин ыйгарым укуктуу адамы тарабынан кол коюлган тиешелүү кабарлоону Банк алгандан кийин, СТИнин электрондук почтасынын дарегин өзгөртүүгө болот.

2.1.5. Бул Эрежелердин 2.2.4 пунктунда каралгандан башка учурларда Банк тарабынан тастыктоо алынган күндөн тартып 1 (бир) жумуш күндөн кечиктирбестен, СТИнин Келишимде көрсөтүлгөн эсептешүү эсебине операциянын жалпы суммасын Келишим боюнча Банктын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн акыны жана бул Эрежелердин 2.2.2 пунктунда каралган суммаларды алып салуу менен которууга. Бул пунктта көрсөтүлгөн суммаларды алып салуу менен акча каражаттарды которуу Карта ээси товар үчүн акыны толук эмес өлчөмдө төлөдү дегенди түшүндүрбөйт.

2.1.6. СТИнин ишке ашырылган эсептешүүлөр боюнча доо-талаптарын бул Эрежелердин 2.1.5 пунктуна ылайык операциялар боюнча эсептешүүлөр жүргүзүлгөн күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде СТИнин жазуу жүзүндөгү арыздарынын негизинде карап алууга. Көрсөтүлгөн мөөнөт аяктагандан кийин операциялар боюнча эсептешүүлөр кабыл алынды деп эсептелет жана ишке ашырылган эсептешүүлөр боюнча СТИнин доо-талаптары кабыл алынбайт.

2.1.7. Банктын Интернеттеги www.fincabank.kg сайтына жаңы Эрежелерди ал Эрежелер күчүнө киргенге чейин 14 (он төрт) календардык күндүн ичинде жайгаштырууга.

**2.2. Банк укуктуу:**

2.2.1. СТИнин эсептешүү эсебине жараксыз операциялар боюнча суммаларды которбоого. Бул Эрежелердин 6-бөлүгүндө каралган учурларда операциялар жараксыз деп таанылат.

2.2.2. СТИге которула (төлөнө) турган суммалардан төмөнкү суммаларды кармап калууга:

- Банк тарабынан СТИнин эсептешүү эсебине мурун которулган, жараксыз деп таанылган операциялардын суммаларын;
- Келишимдин жана бул Эрежелердин жоболорун бузуу менен ишке ашырылган операциялардын суммаларын;
- Кайтаруу операциялары боюнча суммаларды;
- Протест билдирилген операциялардын суммаларын Төлөм системасы тарабынан Банктан иш жүзүндө кармалган сумманын өлчөмүндө;
- Карта ээси/Банк-эмитент тарабынан протест билдирилген операциялардын суммаларын;
- Банктын Келишим боюнча келип чыккан чыгымдарынын же СТИ Келишим жана бул Эрежелер боюнча милдеттенмелерин аткарбагандан (талаптагыдай эмес аткаргандан) келип чыккан чыгымдардын суммаларын;
- Банк тарабынан туура эмес которулган суммаларды;
- Карта ээсинин СТИде жүргүзгөн операциялары боюнча доо иштерин кароонун жүрүшүндө чегерилген Төлөм системасынын комиссияларын жана айып төлөмдөрүн.

2.2.3. Эгерде Банкта Келишимди колдонуу мөөнөтүндө ишке ашырылган операциялар боюнча СТИге которула (төлөнө) турган суммалардан бул Эрежелердин 2.2.2 пунктунда каралган суммаларды толук же бөлүктөп кармап калуу мүмкүнчүлүгү жок болсо, анда Банк укуктуу:

- СТИ кабарлоону алган учурдан тартып 3 (үч) жумуш күндүн ичинде бул Эрежелердин 2.2.2 пунктунда көрсөтүлгөн суммаларды которууга тийиш деген талапты көрсөтүп, СТИге кабарлоону жөнөтүүгө ЖЕ
- СТИнин кошумча буйрутмасын албастан, СТИнин Банкта ачылган эсептеринен көрсөтүлгөн суммаларды толук же жарым-жартылай чыгарууга. СТИнин Банктагы Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында ачылган эсептеринде акча каражаттары жок болгон учурда же ал эсептерде Банк алдында карызды төлөө үчүн каражаттар жетишсиз болгон учурда, СТИ өзүнүн Банкта чет өлкөлүк валютада ачылган каалаган эсептеринен чет өлкөлүк валютаны операция жүргүзүлгөн күнгө карата Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында бекитилген курс боюнча алмаштырып, акча алмаштыруудан алынган акча каражаттарды Банктын алдында карызды төлөөнүн эсебине которуу тапшырмасын Банкка берет.

2.2.4. Төлөм системасынан операция алдамчылык мүнөздө эмес экендиги тууралуу ырастоону алганга чейин операциянын(лардын) суммаларын СТИге которууну (төлөп берүүнү) токтото турууга.

2.2.5. Бул Эрежелердин 2.2.2 пунктуна ылайык СТИге которула (төлөнө) турган суммалар кармалган учурда Келишимде каралып, бул Эрежелердин 3.1.16 пунктуна ылайык СТИге төлөнүп берилген комиссия кайтарылбайт.

2.2.6. Келишимди бузууга чейин 10 (он) календардык күндөн кем эмес убакыттын ичинде СТИге жазуу жүзүндөгү тиешелүү кабарлоону жөнөтүү менен Келишимди бир тараптуу бузууга. СТИ Келишим боюнча милдеттенмелерин төмөнкүдөй бузган учурда, ал Банк тарабынан Келишимди бир тараптуу бузууга негиз болот:

- СТИ Интернет тармагында Карталарды кабыл алуунун бул Эрежелер менен аныкталган эрежелерин дайыма (бир айдын ичинде эки жана андан көп жолу) бузган учурда;
- СТИ Карталарды тейлөөнүн/кабыл алуунун коопсуздугун камсыз кылуу боюнча бул Эрежелерде белгиленген милдеттенмелерин талаптагыдай эмес аткарган учурда.

2.2.7. Банк тарабынан Авторизацияны токтото туруу жөнүндө чечим кабыл алынган күндөн тартып 1 (бир) жумуш күндүн ичинде СТИге жазуу жүзүндө тиешелүү кабарлоону жөнөтүү менен операцияларга авторизация жүргүзүүгө сурам берүүнү бир тараптуу токтото турууга, эгерде:

- СТИ операцияларды бул Эрежелердин шарттарын бузуу менен жүргүзгөн болсо;
- Бул Эрежелердин 6-бөлүгүндө каралган негиздер боюнча операция жараксыз деп таанылса.

2.2.8. Операцияларга авторизация жүргүзүүгө сурам берүүнү бир тараптуу токтотууга, эгерде:

- СТИ Интернет тармагында Карталарды колдонуу менен алдамчылык операцияларды жүргүзгөн болсо жана/же СТИ алдамчылык же башка мыйзамсыз иштерге катышкан болсо, анын ичинде Карталардын маалыматтарын/реквизиттерин алдамчылык менен колдонгон болсо. Банк-эмитенттен Банкка келип түшкөн маалыматтар же Төлөм системаларынан факс, электрондук почта же башка байланыш каналдары аркылуу алынган кабарлоолор операциялардын алдамчылык мүнөздө экендигинин жетиштүү далили болуп эсептелет;
- СТИ Банкка бул Эрежелердин алкагында маалымат бербесе;
- СТИ Банкка бул Эрежелердин алкагында такталбаган маалымат берсе;
- СТИ Банктын беделине зыян тийгизе турган ар түрдүү иштерди жүргүзсө.

Банк Авторизация жүргүзүүнү токтотуу жөнүндө чечим кабыл алган күндөн тартып 1 (бир) жумуш күндүн ичинде жазуу жүзүндөгү тиешелүү кабарлоону СТИге жөнөтүү менен Авторизацияны токтотуу жөнүндө СТИге маалымдайт.

2.2.9. СТИден товар Карта ээлерине берилгенин тастыктоочу документтерди алууга.

2.2.10. Банк-эмитент/Картанын ээси операцияга протест билдирген учурда, СТИден бул Эрежелердин №1 Тиркемесине ылайык толук маалымат берүүнү каалаган жеткиликтүү жолдор менен талап кылууга.

2.2.11. Лимиттерди бир тараптуу бекитүүгө жана өзгөртүүгө.

2.2.12. СТИге Банк жөнүндө маалымат берүүчү материалдарды жөнөтүүгө жана аларды Интернет сайттарга жайгаштырууну талап кылууга.

2.2.13. СТИ Кыргыз Республикасынын Банк мыйзамдарынын жоболорун бузуп жатат деп эсептөөгө негиздер бар болгон учурда, Келишим боюнча кызмат көрсөтүүнү токтото турууга.

2.2.14. Террористтик ишти каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүү боюнча колдонуудагы мыйзамдардын талаптарын, мыйзамдык актыларды (анын ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын актыларын) аткаруу максатында, тиешелүү түрдө күбөлөндүрүлгөн документтерди жана маалыматтарды, анын ичинде СТИден анын пайда алуучулары, уюмдаштыруучулары (катышуучулары) жана бенефициардык менчик ээлери жөнүндө маалыматтарды суроого.

2.2.15. СТИден ал жүргүзүп жаткан операциялардын экономикалык мааниси жана анын бизнес-моделинин деталдары боюнча жазуу жүзүндөгү түшүндүрмөлөрдү, операцияларды жүргүзүүнүн негизин тастыктоочу документтерди, ошондой эле Тараптар

милдеттенмелерин аткарганы тууралуу фактыларды, СТИнин башка кредиттик уюмдарда ачылган эсептери боюнча акча каражаттардын жүгүртүлүшү жөнүндө көчүрмөлөрдү суроого.

### 3. СТИнин укуктары жана милдеттери

**3.1. <u>СТИ милдеттүү</u>:**

3.1.1. Өзүнүн кесиптик жана коммерциялык ишмердүүлүгүн, анын ичинде Келишимдин предметине тиешелүү ишмердүүлүгүн мыйзамдын негизинде жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тиешелүү уруксат документтерге ээ болууга жана Келишим түзгөнгө чейин Банкка тиешелүү документтерди берүүгө.

3.1.2. Интернет-ресурска коюлуучу төмөнкү талаптардын аткарылышын камсыз кылууга:

3.1.2.1. Интернет-ресурста төмөнкү маалыматтар жайгаштырылууга тийиш:

- Товар үчүн акыны Картаны колдонуу менен төлөөгө болору жөнүндө маалымат;
- СТИ Интернет-ресурста Келишимге ылайык кайсы Төлөм системаларынын карталарын акы төлөө үчүн кабыл ала турган болсо, ал Төлөм системаларынын логотиптери (Банк менен макулдашуу боюнча гана). БПБнын жана Банктын логотиптери бизнес кимдин атынан жүргүзүлүп жаткандыгы боюнча Сатып алуучуларды адаштырбоого тийиш.
- Товарлардын жана алардын мүнөздөмөлөрүнүн толук баяндалышы;
- СТИнин кардарларды колдоо кызматы менен байланышуу үчүн маалыматтары, анын ичинде СТИнин электрондук почтасынын дареги жана телефон номерлери;
- Товарды кайтаруу/товарга буюртма (заказ) берүүнү токтотуунун (жокко чыгаруунун) шарттары жана тартиби;
- Товарга буюртма берүүнүн жана товарды жеткирүүнүн шарттары, тартиби жана мөөнөттөрү;
- СТИнин толук аталышы, жайгашкан жери, иш жүзүндөгү дареги, ошондой эле товарларды сактоо/берүү түйүндөрүнүн даректери;
- Интернет-ресурста Картанын ээлери үчүн колдонулуучу маалымат коопсуздугу боюнча саясаттын түшүндүрмөсү. Бул маалымат Банк менен макулдашылууга тийиш. Коопсуздук саясаты Карта ээлери үчүн маалыматты Зыяндуу коддун таасиринен сактоо боюнча сунуштарды камтууга тийиш;
- Товарлардын кыргыз сомунда баасы жөнүндө маалымат (товарлар үчүн акы төлөөгө карата эсептерди кыргыз сомунан башка валютада коюуга тыюу салынат);
- Сатып алуучунун өлкөсүндө товарды бажылык жол-жоболоштуруу Сатып алуучунун милдети экендиги жөнүндө эскертүү (товар Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары башка өлкөгө сатылган учурда);
- СТИнин Интернет-ресурсунда колдонуучулар үчүн банктык карталарды колдонуу менен акча которууда коопсуздукту камсыз кылуунун, акча каражаттарды жана товарларды кайтаруунун эрежелери, талаш жагдайларды чечүү чаралары жөнүндө маалымат жайгаштырылууга тийиш. Маалыматты жайгаштырууга мисал: *«Банктык карталар боюнча эсептерден акча каражаттарды которуунун коопсуздугу HTTPS корголгон туташуу боюнча маалымат берүүнүн жардамы менен камсыздалат; кош факторлуу аутентификация менен камсыздалат; Карта ээсинин маалыматтары (PAN, CVC2/CVV2, Expiration Date) тиешелүү домендик аттары жана логотиптери бар Төлөм*

*системаларынын кайра даректелген акы төлөө беттеринде гана суралат. Эгерде сизге начар кызмат көрсөтүлсө же сапаты начар товар сатылса, анда акча төлөнгөн банктык картанын эсебине которулган акчаны кайтарууга болот. Товарды/кызматты кайтаруу эрежелери: (андан ары кайтаруунун эрежелерин түшүндүрүү керек же бул эрежелер көрсөтүлгөн бетке шилтемени жайгаштыруу керек).*

3.1.2.2. Интернет-ресурс/Тиркеме төмөнкү талаптарга жооп бериүгө тийиш:

- Интернет-ресурс/Тиркеме аркылуу сатылып жаткан товарлардын түрү СТИнин анкетасында көрсөтүлгөнгө дал келүүгө тийиш;
- Интернет-ресурста/Тиркемеде башка уюмдарга таандык Интернет-ресурстардын/ /Тиркемелердин беттери жана алардын URL-даректерине шилтемелер жок болууга тийиш, ошондой эле төлөм боюнча маалыматтарды көчүрүүгө же алмаштырууга же кардардын түзүлүшүн аралыктан башкарууга мүмкүндүк берүүчү же кардарга же анын түзүлүшүнө башка зыян келтирүүчү зыяндуу функцияларды ишке киргизүүчү программалык камсыздоолорду таратуучу жана/же көрсөтүлгөн зыяндуу функцияларды таратуучу шилтемелер жана элементтер жок болууга тийиш;
- Интернет-ресурста/Тиркемеде анын ишинин түрүнө дал келбеген баннерлер болбошу керек;
- Интернет-ресурстун/Тиркеменин web-сайтынын барды кички шилтемелери иштеген абалда болушу керек;
- Интернет-ресурстун/Тиркеменин web-сайты хостинг кызматын көрсөтүүчү акысыз серверлерде жайгаштырылбашы керек;
- Интернет-ресурстун/Тиркеменин ишине байланышкан бардык беттер СТИге тиешелүү бирдей домендик ат менен болушу керек;
- Картаны колдонуу менен операциялар жүргүзүлбөшү керек, ал эми картанын реквизиттери Интернет-ресурстун сайтынын беттерине жана Тиркемеге киргизилбеши керек. Операцияны жүргүзүү үчүн Карта ээси Авторизацияланган бетке кайра жөнөтүлүшү керек.
- СТИ Интернет-ресурс/Тиркеме аркылуу товарга буюртманы (заказ) тариздөөдө Карта ээси тарабынан киргизилген маалыматты көзөмөлдөп жана анын катталышын камсыз кылышы керек;
- СТИ Интернет-ресурс/Тиркеме аркылуу Банк тарабынан тейленбей турган ишмердүүлүккө тиешелүү товарларды сатууну жүргүзбөшү керек (куралдар, наркотикалык заттар/дарылар, биологиялык активдүү кошулмалар, тамекинин түрлөрү, алкоголдук ичимдиктер, эротикалык мазмундагы нерселер, оюн-зоок бизнестер, зергер буюмдар);
- Паролдор төмөнкү талаптарга жооп берүүгө тийиш:
    - 8 символдон кем эмес болууга тийиш;
    - сөздүктөн, жаргондон, сленгден, диалекттен ж.б. алынган сөз болбошу керек;
    - жеке маалымат болбошу керек (аты, телефон номери, туулган күнү, жашаган жери ж.б.);
    - ар түрдүү регистрде жазылган символдорду (a-z, A-Z) камтышы керек;
    - тамгалардан сырткары сандарды, тыныш белгилерди жана/же атайын символдорду камтышы керек (0-9, !@#$%^&*()_+|~-=\`{}[]:";'<>?,./).

- Эгерде төмөнкү шарттардын бири аткарылган болсо, анда оңой эсте калуучу, бирок башкаларга табууга кыйын болгон паролдорду колдонууга жол берилет:
  - бир нече сөздүн чогуу жазылышы (мисалы, «passphrases»);
  - паролду жазууда бир катарга өйдө, ылдый, оңго, солго жайгашкан баскычтарды колдонуу;
  - сөздү терүүдө тамгаларды алфавит боюнча белгилүү бир санда өйдө же ылдый жылдыруу;
  - сандардын жана жөнөкөй сөздүн комбинациясы;
  - сөздү атайын туура эмес жазуу (кадимки орфографиялык каталарды эске албаганда).
- СТИнин каалаган Интернет-ресурстарында буюртманы тариздөөдө сатып алуучунун банктык картасынын реквизиттери (PAN, CVC2/CVV2, Expiration Date) суралбайт. Банктык карта менен төлөм жүргүзүүдө сатып алуучу Банктар аралык процессинг борборунун авторизацияланган жана корголгон https://elpay.kg бетине жөнөтүлөт.
- СТИнин Интернет-ресурсу Төлөм системасын техникалык интеграциялоону жана тестирлөөнү жүргүзүүгө, өзүнүн веб-ресурстарынын жана веб-тиркемелеринин коопсуздугун камсыз кылууга тийиш.
- СТИ коопсуздук инциденттери тууралуу Банкка кабарлоого тийиш.
- Интернет-ресурстун статикалык IP-дареги, статикалык жумушчу домендик аты жана порту бар болушу керек, ал эми алар өзгөргөн учурда СТИ Банкка алдын-ала кабарлашы керек, болбосо Интернет-ресурска блок коюлат.
- Тастыктаманы колдонуу мөөнөтү аяктаганда (мөөнөтү аяктаганга чейин 30 күн мурун) СТИ жаңы тастыктаманы жана паролду коопсуз алуу үчүн тейлөөчү Банкка кайрылып, тастыктама боюнча сурамды кол койдурууга берүүгө тийиш (пароль жана тастыктама жыл сайын өзгөртүлөт).
- Паролдорду жана тастыктамаларды шифрленген түрдө коопсуз жөнөтүү зарыл.
- СТИге өзүнүн Интернет-ресурсунда Карта ээсинин маалыматтарын киргизүү үчүн веб-баракчаны демилгелөөгө жол берилбейт.
- СТИнин Интернет-ресурсунда Карта ээлеринин ар кандай маалыматтарын сактоого тыюу салынат. Интернет-ресурс системадан белгилүү бир суммага авторизацияны жүргүзүү боюнча гана сурам жөнөтө алат жана тиешелүү коопсуздукту камсыз кылуу менен гана бул операциянын жыйынтыгын алат.
- СТИнин Интернет-ресурсу санкциясыз кирүүгө аракет же алдамчылык, Авторизациялык борбордун кызматтарынын иштөөсүнүн бузулушу боюнча ар кандай шектүү аракеттер байкалганда дароо блоктолот.
- СТИнин Интернет-ресурсу коопсуз веб-протоколдордун жана веб-тиркемелердин жардамы менен колдонуучулардын маалыматтарын коргоону ишке ашырууга тийиш.

3.1.3. Интернет тармагында карталарды колдонуу менен товарлар үчүн акы төлөөдө Келишимде көрсөтүлгөн Төлөм системаларынын бардык колдонуудагы карталарын кабыл алууга.

3.1.4. Интернет тармагында карталарды колдонуу менен товарлар үчүн акы төлөөдө товардын баасын ага окшогон товар үчүн накталай төлөөдөгү баадан ашык эмес коюуга.

3.1.5. Операция жүргүзүүдө Авторизациялык бетти колдонуп, Карта ээлеринин карталарынын реквизиттерин текшерүүгө. СТИнин тастыктоо кодун алышы Банк тарабынан операциянын таанылышына кепилдик болбойт, ошондой эле картаны колдонуу менен операция жүргүзүп

жаткан адам Карта ээси экенине кепилдик болбойт же СТИ операциянын суммасын аларына кепилдик болбойт.

3.1.6. Интернет-ресурс/Тиркеме аркылуу товар сатып алууга буюртма берген Карта ээлеринин карталарынын реквизиттери жөнүндө маалыматтардын үчүнчү жактарга белгилүү болушуна жол бербөөгө.

3.1.7. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурлардан башка учурларда Карта ээлери жөнүндө маалыматтарды үчүнчү жактарга бербөөгө, картаны колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялар/картанын реквизиттери тууралуу маалыматтарды үчүнчү жактарга билдирбөөгө (ачыкка чыгарбоо).

3.1.8. Бул Эрежелердин талаптарын бузуу менен Интернет тармагында карталарды колдонуп жүргүзүлгөн операциялар/кайтарым төлөмдөр боюнча өз кызматкерлеринин иш-аракеттери үчүн Банктын алдында толук өлчөмдө жоопкерчилик тартууга.

3.1.9. Авторизациялык бетке кирүү мүмкүндүгү жок болгон учурда дароо Банкка бул тууралуу телефон же электрондук почта аркылуу кабарлоого.

3.1.10. Операцияларга/кайтарым төлөмдөргө байланышкан документтердин көчүрмөлөрүн жана башка маалыматтарды алар жүргүзүлгөн күндөн тартып 5 (беш) жылдын ичинде сактоого.

3.1.11. Бул Эрежелердин 2.2.10 пунктуна ылайык Банктан сурамды алган учурда, Банктан сурамды алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күндөн ашык эмес убакыттын ичинде Банкка толук маалымат берүүгө.

3.1.12. Үчүнчү жактардан карталар менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча документтерди СТИнин атынан Банкка берүү үчүн кабыл албоого.

3.1.13. Бул Эрежелердин 2.2.3 пунктуна ылайык Банктан кабарлоону алган учурда, ал кабарлоону алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күндөн кечиктирбестен кабарлоодо көрсөтүлгөн реквизиттерге сумманы которууга. Белгиленген мөөнөттө көрсөтүлгөн сумма которулбаган учурда, Банк өз убагында төлөнбөгөн сумманын 0,05% өлчөмүндө төлөмдүн мөөнөтү бузулган ар бир күн үчүн туум алуу укугуна ээ. Акча каражаттар башка банкта ачылган эсептен которулган учурда, акча каражаттар Банктын корреспонденттик эсебине келип түшкөн күн акча каражаттар которулган күн болуп эсептелет. Келишим токтотулган учурда СТИ Банктын алдында бул пункт менен каралган жоопкерчиликти тартат, эгерде мындай жоопкерчилик үчүн негиз Келишимди колдонуу мөөнөтүндө келип чыкса.

3.1.14. СТИнин банктык реквизиттери, аталышы, уюмдук-укуктук формасы өзгөргөн учурда, аткаруу органы жана/же башкы бухгалтери алмашкан учурда, электрондук почтасынын дареги, телефон же факс номери, көрсөтүлүп жаткан кызматтардын жана сатылып жаткан товарлардын түрү өзгөргөн учурда же Тараптардын Келишим жана бул Эрежелер боюнча милдеттенмелерин аткарууга таасирин тийгизүүчү башка өзгөрүүлөр болгон учурда, тиешелүү документтерди алган/иш жүзүндө ал өзгөрүүлөр болгон учурдан тартып 5 (беш) жумуш күндөн кечиктирбестен Банкка бул тууралуу билдирүүгө.

3.1.15. Келишим боюнча СТИ тарабынан Банкка көрсөтүлгөн кызматтар үчүн акыны Келишимде жана бул Эрежелерде көрсөтүлгөн тартипте, мөөнөттө жана өлчөмдө төлөөгө.

3.1.16. Протест билдирилген операциялар боюнча кармалган суммаларды, Төлөм системаларынын эрежелерине ылайык Төлөм системалары тарабынан эсептен чыгарылган комиссияларды жана айып төлөмдөрдү Банкка сөзсүз түрдө толук өлчөмдө төлөп берүүгө. Банк тарабынан эмитирленген карталар боюнча протест коюлган операциялар боюнча суммаларды Банкка сөзсүз түрдө толук өлчөмдө төлөп берүүгө.

3.1.17. Жараксыз деп таанылган операциялар боюнча каражаттарды Төлөм системасы Банктан иш жүзүндө кармап калган суммалардын өлчөмүндө төлөп берүүгө. Банк тарабынан эмитирленген карталар боюнча жараксыз операциялар боюнча суммаларды Банкка толук өлчөмдө сөзсүз түрдө төлөп берүүгө.
3.1.18. Төлөм системаларынын логотиптерин (товардык белгилерин) СТИ сунуштаган товарлар үчүн акыны Интернет тармагында карталарды колдонуу менен төлөөгө болоорун Карта ээлерине кабарлоо максатында гана пайдаланууга. Төлөм системаларынын логотиптерин (товардык белгилерин) СТИнин товарларын жарнама кылуу үчүн пайдаланууга тыюу салынат.
3.1.19. Интернет-ресурстун сайтына/Тиркемеге Карта ээсинин маалыматтарынын конфиденциалдуулугун жана операциялардын коопсуздугун камсыз кылууга тиешелүү маалыматтарды Келишимге жана анын тиркемелерине ылайык жайгаштырууга.
3.1.20. Банкка операциялар/кайтарым төлөмдөр тууралуу маалыматты электрондук түрдө корголгон байланыш каналдары аркылуу жөнөтүүгө.
3.1.21. Интернет тармагындагы өзүнүн маалымат ресурстарынын коопсуздугун тышкы жана ички коркунучтардан коргоону камсыз кылууга.
3.1.22. Банк тарабынан белгиленген лимиттерди сактоого.
3.1.23. Бул Эрежелердин 6-бөлүгүнө ылайык жараксыз деп таанылган операцияларды жүргүзүүдөн келип чыгуучу зыянды өзү тартууга.
3.1.24. СТИге Карта ээлери жөнүндө маалыматтардын, анын ичинде карталардын реквизиттери жана/же карталарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялар тууралуу маалыматтардын конфиденциалдуулугу бузулганы жөнүндө белгилүү болгон учурда же СТИде мындай бузуулар болду деп ойлоого негиздер бар болгон учурда Банкка дароо кабарлоого. СТИ мындай жагдайларды оңдоо боюнча чараларды көрүү үчүн Банк менен чогуу иш жүргүзүүгө, ошондой эле Банкка СТИнин келечекте конфиденциалдуулук режимди бузууну алдын-алуу жөндөмүн баалоого жардам берүүчү бардык тиешелүү маалыматтарды берүүгө милдеттүү.
3.1.25. Келишимди колдонуу токтотулган күндөн тартып Келишимдин алкагында товарларга акы төлөө үчүн карталарды кабыл алууну токтотууга, СТИнин веб-сайтынан Келишимдин алкагында товарлар үчүн акы төлөө катары карталарды кабыл алуу жөнүндө бардык маалымат берүүчү материалдарды алып салууга.
3.1.26. Банк тарабынан КРнын 2018-жылдын 06-августундагы №87 «Террористтик ишти каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүү жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын аткаруу максатында зарыл болгон маалыматтарды жана күбөлөндүрүлгөн документтерди, мыйзамдык актыларды (анын ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын актыларын), ошондой эле өзүнүн пайда алуучулары, уюштуруучулары (катышуучулары) жана бенефициардык менчик ээлери жөнүндө маалыматтарды тиешелүү түрдө берүүгө.
3.1.27. Банктын талабы боюнча СТИ тарабынан жүргүзүлүп жаткан операциялардын экономикалык маанисин түшүндүрүүчү маалыматтарды, ошондой эле СТИнин башка кредиттик уюмдарда ачылган эсептери боюнча акча каражаттардын жүгүртүлүшү жөнүндө көчүрмөлөрдү берүүгө (талап кылынган күндөн тартып 2 (эки) жумуш күндөн ашык эмес мөөнөттүн ичинде).
3.1.28. Келишим түзүүдө берилген документтерге өзгөртүүлөр киргизилген учурда, бул өзгөртүүлөр киргизилген күндөн тартып/өзгөртүүлөр киргизилген документтер мамлекеттик каттоодон өткөндөн кийин (мамлекеттик каттоодон өтүүгө тийиш болгон учурда) аларды алган күндөн тартып 2 (эки) жумуш күндөн кечиктирбестен, өзгөртүүлөрдү киргизүүнү тастыктоочу

документтерди берүүгө. СТИ жөнүндө мурда берилген маалыматтарга, анын ичинде анын пайда алуучулары, уюштуруучулары (катышуучулары), өкүлдөрү жана бенефициардык менчик ээлери тууралуу маалыматтарга өзгөртүүлөрдү (толуктоолорду) киргизүүгө байланыштуу маалыматтарды жана документтерди алар жаңыртылган күндөн тартып 2 (эки) календардык күндөн кечиктирбестен Банкка жөнөтүүгө. СТИнин, анын ичинде ага байланышкан жактардын (пайда алуучулары, уюштуруучулары (катышуучулары), өкүлдөрү жана бенефициардык менчик ээлери) идентификациялык маалыматтары Банкка акыркы жолу берилген күндөн тартып 270 (эки жүз жетимиш) күндүн ичинде көрсөтүлгөн өзгөртүүлөр (толуктоолор) Банкка берилбеген учурда, СТИ Банктын сурамы боюнча Банкта сакталган маалыматтардын актуалдуулугун жазуу жүзүндө тастыктайт жана дароо каалаган жеткиликтүү жолдор менен Банкка маалымат берет.

3.1.29. СТИнин жеке кабинетинде Кардарлар тарабынан жүргүзүлгөн операциялар жөнүндө маалыматты, ошондой эле ушул Келишимдин алкагында Банк менен тиешелүү өз ара эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн башка маалыматтарды көрсөтүүгө.

3.1.30. СТИнин Интернет-ресурсу аркылуу эсептешүүлөр үчүн Карта ээси тарабынан берилген Картаны төлөм жүргүзүү үчүн кабыл алуудан негизсиз баш тартуу учурларына жол бербөөгө.

**3.2. <u>СТИ укуктуу:</u>**

3.2.1. СТИ Келишимдин жана бул Эрежелердин жоболорун аткарган учурда Банктан Интернет тармагында карталарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын суммасын которууну талап кылууга.

3.2.2. Банктын жазуу жүзүндөгү макулдугу бар болгон учурда, операцияларды/кайтарым төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн СТИнин программалык камсыздоосун жоопкерчиликти өзүнө алуу менен колдонууга.

3.2.3. Карта ээлери жөнүндө маалыматты Келишимдин жана бул Эрежелердин шарттарында каралган операцияларды/кайтарым төлөмдөрдү ишке ашыруу максатында гана сактоого.

3.2.4. Кардарларды тартуу максатында, ушул Келишимдин предметине түздөн-түз тиешелүү болгон маркетингдик жана жарнамалык кампанияларды СТИ тарабынан аныкталган жолдор менен жүргүзүүгө. Төлөм системасынын жана Банктын алдын-ала макулдугун алгандан кийин гана Төлөм системасынын жана Банктын соода маркасын колдонууга жол берилет.

3.2.5. Банктын интернет-эквайринг боюнча кызмат көрсөтүү эрежелеринин жаңы шарттарына макул эмес болгон учурда, келишимди бузуу күнүнө чейин 10 (он) календардык күн мурун Банкка кабарлоо менен бул Келишимди бир тараптуу бузууга.

3.2.6. Мурунку күнү/жумада/айда Карталарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын толук түшүндүрмөсүн (расшифровка) Банктан алууга.

## 4. Төлөмдөрдүн коопсуздугун камсыз кылуу

**4.1. <u>Интернет тармагында карталарды колдонуу менен операцияларды жүргүзүүдө СТИ милдеттүү:</u>**

4.1.1. Карта ээлери жөнүндө маалыматтарды коргоону камсыз кылуучу программалардын иштөөсүн инсталляциялоону, колдоону жана тестирлөөнү ишке ашырууга.

4.1.2. Интернет тармагы же жалпыга жеткиликтүү башка тармактар аркылуу берилүүчү Карта ээлери жөнүндө маалыматтарды 1.2ден төмөн эмес версиядагы TLS протоколу боюнча шифрлөөнү ишке ашырууга.

4.1.3. Вируска каршы программалык камсыздоолорду колдонууга жана аларды дайыма жаңыртып турууга.
4.1.4. Карта ээлери жөнүндө маалыматтарды өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарууда гана пайдалануучу кызматкерлердин ал маалыматтарга кирүү мүмкүндүгүн чектөөгө.
4.1.5. Карта ээлери жөнүндө маалыматка кирүү мүмкүндүгү бар ар бир кызматкерге уникалдуу идентификатор берүүнү камсыз кылууга.
4.1.6. Транзакцияны уникалдуу ачкычты колдонуу менен гана жүргүзүүнү камсыз кылууга.
4.1.7. Карта ээлери жөнүндө маалыматтарга кирген учурлардын баарын каттоону жана көзөмөлдөөнү камсыз кылууга.
4.1.8. Төлөмдөрдүн коопсуздугун камсыз кылуу боюнча Банк тарабынан аныкталган кемчиликтерди бул Эрежелердин 4.4.1 пунктуна ылайык мөөнөтүндө жоюуга.

**4.2. СТИге тыюу салынат:**

4.2.1. Интернет-ресурс/Тиркеме аркылуу эмес жүргүзүлгөн операцияларды жокко чыгарууну ишке ашырууга.
4.2.2. Карта ээлеринин маалыматтарын сактоону, жалпылоону, чогултууну ишке ашырууга.
4.2.3. Карта ээлери көрсөткөн төлөм реквизиттерине өзгөртүүлөрдү киргизүүгө.
4.2.4. Товарлар үчүн акы төлөө механизмин өзгөртүүнү жана Карта ээлеринин маалыматтарын проксилөөнү ишке ашырууга.

**4.3. Банк милдеттүү:**

4.3.1. СТИнин сайтында төлөм карталарын колдонуп, операцияларды күнү-түнү жүргүзүүнү уюштурууга жана камсыз кылууга.
4.3.2. СТИнин кызматкерлерине Интернет-эквайринг кызматын колдонуу менен төлөм карталарынын ээлерин тейлөөнүн эрежелерин үйрөтүүгө.
4.3.3. СТИде төлөм карталарынын ээлерин тейлөөнүн жүрүшүндө чыр-чатак келип чыккан учурда тийиштүү Төлөм системасынын операциялык эрежелерине ылайык териштирүүнү жүргүзүүгө.
4.3.4. Банк тарабынан Келишимдин шарттары бузулган учурда, СТИнин талабы боюнча Келишим боюнча операцияларды жүргүзүүнү токтото турууга же токтотууга.
4.3.5. Келишимдин шарттарын аткаруунун жыйынтыгында Банкка белгилүү болгон СТИнин жана Карта ээлеринин банктык жана коммерциялык сырларын сактоого.
4.3.6. СТИнин сурамы боюнча СТИнин электрондук почтасынын дарегине Карта ээлеринин кайрылууларын карап чыгууга жана аларга жооп берүүгө зарыл болгон операциялар тууралуу маалыматтарды электрондук почта аркылуу сурам алынган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күндүн ичинде жөнөтүүгө.
4.3.7. СТИге (анын ичинде СТИнин кызматкерлерине) күнү-түнү техникалык колдоону камсыз кылууга.

**4.4. Банк укуктуу:**

4.4.1. СТИ тарабынан төлөмдөрдүн коопсуздугунун камсыз кылынуусун каалаган убакта текшерүүгө жана аныкталган кемчиликтерди 5 (беш) жумуш күндүн ичинде жоюуну СТИден талап кылууга.

4.4.2. Төлөмдөрдүн коопсуздугун камсыздоо боюнча Банк тарабынан аныкталган кемчиликтер бул Эрежелердин 4.4.1 пунктуна ылайык мөөнөтүндө жоюлбаган учурда, СТИни интернет-эквайринг боюнча кызмат көрсөтүүдөн өчүрүүгө.
4.4.3. Кийинки эсептешүүлөрдө талаш төлөмдөр боюнча Төлөм системалары тарабынан Банктын эсебинен чыгарылган суммаларды СТИден акцептсиз тартипте (жазуу жүзүндө кабарлоо жана документтерди берүү менен) кармап калууга. Акцептсиз тартипте эсептен чыгаруу мүмкүн эмес болгон учурда Банк СТИден жогоруда көрсөтүлгөн суммаларды Банктын көрсөткөн реквизиттерине которууну талап кылууга укуктуу.
4.4.4. Келишимдин шарттарынын алкагында СТИнин ишмердүүлүгү жана төлөм карталары боюнча операциялар тууралуу бардык зарыл маалыматтарды жана документтерди суроого.
4.4.5. СТИ аркылуу картаны колдонуу менен операцияларды жүргүзүүгө лимиттерди өз ыктыяры боюнча коюуга жана аларды карап чыгууга.
4.4.6. Эгерде акы төлөө операциясынын параметрлери бул СТИ үчүн авторизациянын белгиленген лимитинен ашык болсо, СТИде жүргүзүлүүчү акы төлөө операциясын жүргүзүүдөн баш тартууга.

## 5. Карталарды колдонуу менен операцияларды жүргүзүүнүн жалпы эрежелери

5.1. Интернет тармагында карталарды колдонуу менен операцияларды жүргүзүүдө СТИ бул Эрежелерди, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик-укуктук актыларын колдонмо кылып алууга тийиш.
5.2. СТИ жалпы сумманы тастыктоонун бирдиктүү кодун сурабай туруп бир бүтүмдүн суммасын эки же андан ашык операцияга бөлүүгө, ошондой эле Интернет тармагында төлөм жүргүзүү үчүн карталарды кабыл алууда товарларга төмөнкү жана/же жогорку бааны коюуга укугу жок.
5.3. СТИге карталарды колдонуу менен Карта ээсинин эсебине каражаттарды киргизүү/чыгаруу үчүн акча каражаттарды накталай берүүгө жана кабыл алууга жол берилбейт.
5.4. Карта ээси Интернет тармагында мурда картаны колдонуу менен төлөгөн товарларын кайтарган/баш тарткан учурда жана СТИ мындай кайтарууга/баш тартууга макул болгон учурда, операциянын суммасын накталай акча каражаттар менен берүүгө тыюу салынат.

## 6. Операцияны жараксыз деп таануу

**Операция төмөнкү учурларда жараксыз деп таанылат:**

- операцияны жүзөгө ашырган бүтүм мыйзамсыз, башкача айтканда, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын бузуу менен аткарылган болсо;
- операцияны жүзөгө ашырган бүтүм үчүн акы Келишимде көрсөтүлгөндөн башка төлөм картасын колдонуу менен төлөнгөн болсо;
- операцияны жүргүзүү менен төлөнгөн товардын/кызмат көрсөтүүнүн баасы СТИнин ал товар үчүн накталай каражаттар менен эсептешүүдөгү кадимки баасынан ашык болгон учурда;
- картаны колдонуу менен жүргүзүлгөн операция жана/же бүтүм Келишимдин жана бул Эрежелердин шарттарын бузуу менен жүзөгө ашырылган болсо;
- операция жана/же бүтүм Интернет тармагында картаны колдонуу менен жүргүзүлгөнүн тастыктоочу документтер мөөнөтүндө жана бул Эрежелердин 3-бөлүгүндө көрсөтүлгөн талаптарды эске алуу менен Банкка берилбесе;

- операция тиешелүү Төлөм системасы тарабынан жараксыз деп таанылса (мындай таануу тиешелүү Төлөм системасынын эрежелери боюнча таризделет);
- операция Банк-эмитент тарабынан алдамчылык операция деп таанылса, башкача айтканда, карталардын мыйзамсыз жол менен алынган реквизиттерин колдонуу менен жүзөгө ашырылды деп таанылса.

## 7. Тараптардын жоопкерчилиги

7.1. Тараптар Келишимдин жана бул Эрежелердин шарттарын бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

7.2. СТИ өзүнүн банктык реквизиттери өзгөргөндүгү тууралуу Банкка өз убагында кабарлабагандан улам Банк тарабынан СТИнин эсебине бул Эрежелердин 2.1.5 пунктуна ылайык операциялардын жалпы суммаларын которуу кечиктирилген учурда бул боюнча жоопкерчилик СТИге жүктөлөт.

7.3. Интернет тармагында СТИнин Интернет-ресурсу/Тиркемеси аркылуу операцияларды ишке ашыруу Банк үчүн кошумча тобокелдиктерди жаратарын СТИ билет. СТИ Банктын мындай тобокелдиктери үчүн толук жоопкерчилик тартат жана Банкка бул Эрежелердин 2.2.2 пунктуна ылайык суммаларды жана Келишим боюнча кызмат көрсөтүүнүн жүрүшүндө Банктын тарткан бардык чыгымдарын сөзсүз түрдө төлөп берүүгө милдеттенет.

7.4. Банк бул Эрежелердин 3.2.2 пунктунда каралган учурда СТИнин өзүнүн программалык камсыздоосун колдонгондугу үчүн жоопкерчилик тартпайт.

7.5. Банк СТИнин жана Карта ээлеринин ортосунда келип чыккан талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер боюнча жоопкерчилик тартпайт, эгерде мындай талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер Келишимге тиешелүү эмес болсо.

7.6. Банк Интернет-ресурстун сайтында/Тиркемеде товар сатып алууну тариздөө процессинде Карта ээсинин берген жеке маалыматтарынын сактылышына жоопкерчилик тартпайт.

7.7. Банк үчүнчү жактардын, анын ичинде Төлөм системаларынын жана/же Төлөм системаларынын катышуучуларынын иш-аракеттеринен же аракетсиздигинен улам Келишим боюнча кызмат көрсөтүлбөгөнүнө же талаптагыдай эмес көрсөтүлгөнүнө жоопкерчилик тартпайт.

7.8. СТИ өзүнүн маалымат ресурстарынын коопсуздугун ички жана тышкы коркунучтардан коргоону камсыз кылуу боюнча бул Эрежелердин 3.1.23 пунктунда белгиленген милдеттерин талаптагыдай эмес аткаруудан келип чыккан Банктын бардык чыгымдарын толук өлчөмдө төлөп берүүгө милдеттүү.

7.9. СТИ Келишим менен каралган максатта жеке жактардын жеке маалыматтарын иштеп чыгууга, анын ичинде жеке маалыматтарды Банкка берүүгө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык тиешелүү негиздер бар экенин тастыктайт. СТИ көрсөтүлгөн милдеттердин аткарылганын тастыктоочу бардык тиешелүү документтерди Банктын биринчи талабы боюнча берүүгө милдеттенет.

7.10. Эгерде СТИ бул Эрежелердин 3.1.26 пунктун бузуп, Карта ээлери/Карталарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялар/Карталардын реквизиттери жөнүндө маалыматтардын конфиденциалдуулугу бузулганы жөнүндө кабарлоону Банкка жароо жөнөтпөсө, анда карталарды колдонуу менен жүргүзүлгөн алдамчылык (мыйзамсыз) операциялардын натыйжасында Банктын тарткан бардык чыгымдары үчүн жоопкерчилик СТИге жүктөлөт.

7.11. Банкка каалаган талаптар коюлган учурда, анын ичинде СТИ бул Эрежелердин 4-бөлүгүндө белгиленген талаптарды бузганынын натыйжасында Банк жоопкерчиликке тартылган учурда, СТИ Банктын буларга байланышкан бардык чыгымдарын төлөп берүүгө милдеттенет.

## 8. Тиркемелер

Келишимдин бардык тиркемелери жана толуктоолору, ошондой эле ушул Эрежелер анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана алар бул Эрежелердин 2.1.7 пунктуна ылайык Банктын Интернет тармагындагы www.fincabank.kg сайтына жайгаштырылат.

## 9. Форс-мажор

9.1. Келишим түзүлгөндөн кийин келип чыккан жана жеткиликтүү жолдор менен токтотууга мүмкүн эмес болгон аргасыз кырдаалдардан (форс-мажор) улам Тараптар Келишим боюнча милдеттенмелерин жарым-жартылай же толук аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулушат. Мындай кырдаалдарга сел, өрт, жер титирөө жана башка жаратылыш кубулуштары, ошондой эле согуш, кагылышуулар (согуш аракеттери), бийлик жана башкаруу органдарынын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын актылары же иш-аракеттери жана Тараптар башкарууга мүмкүн эмес болгон башка жагдайлар кирет. Жогоруда көрсөтүлгөн кырдаалдардын келип чыкканын далилдөө милдети ал кырдаалдар Келишим боюнча өз милдеттерин аткарууга тоскоолдук болуп жатат деп билдирген Тарапка жүктөлөт.

9.2. Көрсөтүлгөн кырдаалдар башталган учурда алардын таасиринен жабыркаган Тарап 3 (үч) сутканын ичинде башка Тарапка алардын башталганы, болжол менен канчага созулганы жана качан бүткөнү, алар кандай мүнөздө болгону жөнүндө жазуу жүзүндө билдирүүгө тийиш. Өз убагында билдирбөө же такыр билдирбөө Тарапты милдеттерин аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотууга негиз катары жогоруда көрсөтүлгөн кырдаалдардын каалаганына таянуу укугунан ажыратат. Эгерде милдеттерди толук же жарым-жартылай аткарууга мүмкүндүк бербеген жагдай 3 (үч) айдан ашык мөөнөткө созулса, анда каалаган Тарап Келишимди толук же жарым-жартылай аткаруудан баш тартуу укугуна ээ болот жана мүмкүн болуучу чыгымдарды төлөөгө милдеттендирилбейт.

**«ФИНКА Банк» ЖАКта интернет-эквайринг боюнча**
**кызмат көрсөтүү эрежелерине**
**№1 Тиркеме**

**СТИни каттоо үчүн анкета**

*СТИнин реквизиттери:*

| **СТИ жөнүндө маалымат** | | |
|---|---|---|
| 1 | СТИнин аталышы (латын тамгалары менен) | |
| 2 | Веб-сайты (домендик аты) | |
| 3 | ИНН | |
| 4 | СТИнин байланыш номери | |
| 5 | E-mail (СТИ) | |
| 6 | Дареги (үйү, көчөсү, шаары, облусу, өлкөсү, почта индекси) | |
| 7 | СТИнин ID'си (латын тамгалары менен) (БПБ тарабынан түзүлгөн)* | |
| 8 | МСС коду (СТИ) | |
| 9 | Көрсөтүлүүчү кызматтар (СТИ) | |
| 10 | Кабыл алынуучу карталардын түрү | Керектүүсүн белгилеңиз:<br>❑ ЭЛКАРТ карталары<br>❑ Банктар аралык процессинг борборунун карталары |
| 11 | «Интернет-эквайринг» кызматына туташуунун түрү | Керектүүсүн белгилеңиз:<br>❑ Карталарды токенизациялоо менен<br>❑ Карталарды токенизациялоосуз |
| 12 | Операциялардын валютасы | |
| 13 | Сурамдар жөнөтүлө турган кызматтын IP дареги | |
| 14 | Операция ийгиликтүү жүргүзүлгөн учурда СТИнин кийинки бетке өтүү шилтемеси (сатып алуу операциясына макулдук берилген же берилбеген учурда) | |
| 15 | Операция ийгиликтүү эмес жүргүзүлгөн учурда СТИнин кийинки бетке өтүү шилтемеси (операция жүргүзүлүп жаткан убакта техникалык бузулуулар болгон учурда) | |
| 16 | Реконсиляция (автоматтык түрдө/кол менен) | Тапшырманы аткаруу:<br>❑ Күн сайын<br>Убактысын көрсөтүү: |

| | | |
|---|---|---|
| 17 | Операцияны токтотуу (жокко чыгаруу) функциясы | ❑ Туташтыруу<br>❑ Туташтырбоо |
| **Банктын жооптуу кызматкери** | | |
| 18 | Аты-жөнү | |
| 19 | Байланыш номери (жумушчу) | |
| 20 | Мобилдик номери | |
| 21 | E-mail | |

*Бул жерде TS – Tokenization Service, XX-банктын коду, YYYY – буйрутманын номери катары менен

СТИнин жетекчисинин кол тамгасы жана мөөрү ________________________

**М.О.**